**Пресс-релиз**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы эсептик чен өлчөмүн 5 пайыз деңгээлинде калтырды**

Улуттук банк Башкармасы 2017-жылдын 25-сентябрында эсептик чен өлчөмүн (чен саясатын) 5,00 пайыз деңгээлинде калтыруу чечимин кабыл алды. Чечим 2017-жылдын 26-сентябрынан тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасында инфляция Улуттук банк күткөн чекте алгылыктуу динамикада сакталып калуу менен акча-кредит саясатынын орто мөөнөткө каралган 5-7 пайыздык максаттуу көрсөткүчүнүн төмөнкү чегине ыктоо тенденциясына ээ. 2017-жылдын сентябрь айында (15не карата) инфляциянын жылдык мааниси август айындагы 3,8 пайыздан төмөндөп, 3,2 пайыз чегинде катталган. Ички суроо-талаптын бара-бара калыбына келиши жана импорттоп алган азык-түлүк товарларына баа динамикасы инфляциянын негизги факторунан болууда.

Кыргыз Республикасынын экономикасында тышкы жана ички шарттардын жакшыруусу алкагында алгылыктуу тенденциялар уланууда. 2017-жылдын январь-август айларынын жыйынтыгы боюнча айкын ички дүң өнүмдүн өсүшү 6,0 пайызды, ал эми «Кумтөр»[1] алтын кенин казып алуу ишканалары боюнча маалыматтарды эске албаганда, 3,6 пайызды түзгөн. Экономиканын негизги секторлорунда өндүрүштүн өсүшү байкалууда. Экономикалык өсүш акчалай которуулардын өсүшүнүн артышы менен коштолууда. 2017-жылдын январь-июль айларында акчалай которуулардын таза агымы 28,8 пайызга көбөйгөн.

Ички валюта рыногунда туруктуулук сакталууда. Жыл башынан бери (21-сентябрга карата) улуттук валюта 1,1 пайызга бекемделген. Улуттук банк сентябрь айында ички валюта рыногуна катышкан эмес.

Акча-кредит шарттары экономиканын реалдуу секторуна өбөлгө түзүү чараларын колдоого алууда. Өлкөнүн банк тутуму улуттук валютадагы үстөк ликвиддүүлүктүн жетиштүү деңгээлине ээ. Акча рыногунун улуттук валютадагы кыска мөөнөттүк чендери Улуттук банк белгилеген пайыздык чектин чегинде өзгөрүүдө. Түпкү карыз алуучулар үчүн кредиттер боюнча пайыздык чендерди төмөндөтүү жана кредиттөө чөйрөсүн кеңейтүү кадамдары байкалууда.

Улуттук банктын болжолдоолору боюнча, республиканын айыл чарбасында азык-түлүктөрдү өндүрүү жана эл аралык товардык-чийки зат рынокторундагы баа динамикасына салыштырмалуу болжолдоолорун эске алганда, алдыдагы мезгил ичинде инфляция мааниси 5-7 пайыз деңгээлинде белгиленген орто мөөнөткө каралган максаттуу көрсөткүчкө жакындашат. Ушул шартта, ошондой эле тышкы жана ички инфляциялык тобокелдиктер орун албаса, Улуттук банктын эсептик ченинин ушул деңгээлде сакталышы экономикага өбөлгө түзүүчү чараларды андан ары колдоого алат.

Улуттук банк тышкы жана ички факторлордун инфляцияга таасир этишине мезгил-мезгили менен баа берип туруу аркылуу экономикалык жагдайга жараша тиешелүү акча-кредит саясатынын чараларын көрүүнү улантат.

*Маалымат үчүн:*

Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмү маселесине тиешелүү кийинки отуруму 2017-жылдын 27-ноябрына пландаштырылган.

---

[1] «Кумтөрдү» эске албаганда, айкын ички дүң өнүмдүн мааниси акча-кредит саясаты үчүн кыйла көрсөткүчтүү болуп саналат.